**Кенжешев Каныбек Дүйшөналиевичтин “Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасы” темасында педагогикалык илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын (13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы) изденип алуу үчүн жазган диссертациясына расмий оппонент, филология илимдеринин доктору Ү.Б.Култаеванын**

# ПИКИРИ

## I. Изилдөөгө алынган теманын актуалдуулугу

Адамзаттын тарыхында XXI кылым дүйнөнүн ачыктыгын камсыз кылгандыгы менен ааламдашуу процессин коомдук өнүгүүнүн авансценасына алып чыкканы белгилүү. Ошондой эле кылым тогошордо бир нече республиканы бир идеологияга баш ийдирип турган империя даражасындагы социалисттик системанын урашы руханий баалуулуктарга болгон көз караштЫ түп тамырынан өзгөрттү. Дүйнөнүн дал ушул ачыктыгы шарт түзгөн миграциялык кыймылдын жаңы толкуну эл аралык маданий баарлашуунун жаңы жагдайларын жаратып, жаштардын коммуникативдик билгичтиктерине жаңы талаптарды коюп, кыргыз жаштарын дүйнөлүк коомчулукка ыңгайлашуу зарылчылыгын пайда кылды.

Ааламдашуу бүт дүйнөнү каптап турган азыркы шартта, улуттук иденттүүлүктү сактоо үчүн ага ***“каяша” айтуунун*** негизги куралы болгон “элдин жан сырларын” (Надеждин) көркөм чагылдыруучу адабияттын нравалык мүмкүндүгүн пайдалануу зарылдыгы пайда болду. Ушул көз караштан алып караганда, Кенжешев Каныбек Дүйшөналиевичтин “Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасы” темасында педагогикалык илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын (13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы) изденип алуу үчүн жазган диссертациясынын ***актуалдуулугу,*** биринчиден, жалпы кылымдын коомдук-саясий өнүгүү динамикасы менен шартталса, экинчиден, регионалдык аспектиде Кыргыз Республикасынын өнүгүү стратегиясына арналган маанилүү документтердин [1] максаты менен шартталат. Анткени этнопедагогика теориялык аспектиде салыштырмалуу жаш илим катары билим берүү процессин ***элдик маданият*** менен ***интеграциялоо*** милдетин аркалайт. Доордун өнүгүү тенденциясына ылайык, жаштардын нравалык

[1] Кыргыз Республикасынын Президенти кол койгон жарлыктар:”Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндөгү” (2021, 21.01) жана “Улуттук нарк жөнүндөгү” (2022, 21.05).

№ 71 12 12 23

потенциалын жогорулатуу, азыркы доордун полимаданий социалдык чөйрөсүнө ыңгайлашуу үчүн алардан маданий аралык компетенттүүлүктү талап кылат. Дал ушуд маселе билим берүүнүн күн тартибине коюлганына байланыштуу, адабий билим берүүнүн мазмунун байытуу зарылчылыгынын пайда болушу мыйзам ченемдүү көрүнүш. К.Кенжешевдин изилдөөсү заманбап ушул проблеманы чечүүгө салым кошуу милдетин аркалайт.

## II. Диссертациядагы изилдөөнүн жыйынтыктары жана корутундуларынын илимий жактан негизделүү даражасы

Диссертант улуттук билим берүүнүн азыркы учурдагы абалын талдоого алуу менен «ырас, этнопедагогика улутту сактап калуунун педагогикасы» (Г.Н.Волков) болгон соң, кыргыз адабиятын жогорку класстарда окутуунун мазмунун аныктоочу мамлекеттик документтерди: “Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандарты” (Кыргыз Республикасынын Өкүмөтүнүн № 403 токтому, 2014, 21.07), Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринин 10-11 - класстары үчүн “Кыргыз адабияты” боюнча предметтик стандарт (2018), Кыргыз адабиятынын программасы: Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн билим берүү уюмдарынын V-IX класстары үчүн / (Түз.: С.Байгазиев, А.Муратов, Б.Абдухамидова, К.Акматов) анализдеп, ал документтер кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу үчүн толуктоого муктаж экендигин (дисс. 82-83-бб.) илимий жактан ишенимдүү далилдей алган. Бүгүнкү күндүн реалдуу фактыларын интернет желедеги жаштардын речтик ишмердүүлүгүнүн сабатсыздыгы, алардын өз өлкөсүн жээрип, чет өлкөгө кетүүнү эңсеши, көркөм чыгарманы окууга болгон кызыгуунун төмөндөшү, мекенчилдик сезимдин солгундашы сыяктуу руханий келемтелерди анкеталык суроолорго алынган жоопторду анализдөө менен бнкемдөөгө жетишкен.

Изилдөөчү жогоруда көрсөтүлгөн документтерге толуктоо киргизүү зарылдыгын Ч.Айтматовдун “Гүлсарат” повести жана Т.Сыдыкбековдун “Көк асаба” романдарын окутууда (дисс. 84- 88-бб.) ал чыгармаларда көркөм чагылган элдин тарбиялоо салттарын, турмуштагы практикалык тажрыйбаны, улуттун менталдык өзгөчөлүгүн эске алуу зарылдыгы тууралуу педагогикалык коомчулукка конкреттүү сунуштарды берген.

Изилдөөдөн келип чыккан дагы бир маанилүү жыйынтык кыргыз адабиятына болгон мамиле, бул предметти өздөштүрүүдө окуучулар ээ болуучу компетенциялык билгичтиктер шаардык жана айылдык балдарды бирдей эмес экендигин аныктоо менен шартталат. Диссертанттын мындай корутунду пикири

анкеталык суроолорго окуучулардын берген жооптору (Дисс. 89-92-бб.) аркылуу аргументтештирилген.

Диссертациянын негизги милдеттерине ылайык, изилдөөдө кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу аркылуу жогорку класстын окуучулары башка предметтер аркылуу ээ боло албаган компетенцияларга (дисс. 140-144-бб.) адабият сабагы аркылуу ээ болуу мүмкүндүктөрү аныкталган. Ошондой эле кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууну системага айландыруу үчүн мугалимге *календардык планга киргизүү* сунушун илимий жактан негиздеген.

## III. Изилдөөнүн жаңылыгы жана диссертанттын жеке салымы

Буга чейин ата мекендик масштабдан алганда педагогикалык багыттагы изилдөөлөрдө А.Измайлов, И.Бекбоев, Н.Имаева, М.Рахимова, С.Иптаров, А.Калдыбаевалардын эмгектеринде этнопедагогика жалпы педагогикалык аспектиде изилденсе, колдогу изилдөөнүн жаңылыгы А.Муратовдон кийин адабият сабагынын этнопедагогикалык мүмкүнчүлүгүн жогорку класстын окуучуларына пайдаланууну жеке методикалык аспектиде изилдегендиги менен шартталат. Натыйжада диссертант көркөм чыгармаларды окутуунун этнопедагогикалык негизде окутуунун жеке методикалык ык-методдорун колдонууну (дисс. 208-б.) үч багытта сунуш кылган:

1) адабиятты жогорку класстын окуучуларына этнопедагогикалык негизде окутуу үчүн салттуу методдорду колдонуу;
2) адабиятты жогорку класстын окуучуларына этнопедагогикалык негизде окутуу үчүн иннновациялык методдорду колдонуу;
3) адабиятты жогорку класстын окуучуларына этнопедагогикалык негизде окутуу үчүн элдик дидактиканын ык-усулдарын сабакка пайдалануу.

Мындай багытты сунуштоо менен бирге ал эми методдорду колдонуу чыгарманын идеялык-тематикалык проблематикасына жараша тандаларын, ага мугалимдерден чыгармачылык ишмердүүлүк талап кылынарын эскерткен.

Диссертанттын кыргыз адабиятын окутуунун методикасына кошкон салымы көркөм чыгармалардагы элдик дүйнө тааным, улуттук мүнөз, элдик тарбия-таалим аркылуу жаштардын азыркы социалдык чөйрөгө зарыл болуп жаткан компетенцияларга ээ кылуунун жол-жобосун илимий-методикалык жактан негиздегендиги менен түшүндүрүлөт.

Өзү сунуштаган методика менен сабак өтүүнүн технологиясын камсыз кылуу үчүн окуучулар тарабынан аткарылуучу иштердин (социалдык

роликтерди тартуу, флешмоб даярдоо, чыгармадагы каармандын окурман тарабынан кабыл алынышы боюнча социалдык рейтинг жасоо, бул багытта окуучулардын долбоорун класста коргоо ж.б. дисс. 168-б.) системасы аркылуу алардын компетенциялык билгичтиктерин калыптануунун иштелмесин иштеп чыккандыгы диссертанттын жеке салымы эсептелет.

## IV. Изилдөөнүн илимий келечеги жана практикалык баалуулугу

Изилдөөнүн азыркы ааламдашуу процессине «каяша» болуучу улуттук иденттүүлүктү камсыздоого багытталгандыгы анын келечегин аныктайт. Чыгармалардагы элдик даанышман ойлор жаштардын улуттук аң-сезимин күүгө келтирип, өз элинин патриоту болууга таасирин тийгизери шексиз. Ошол эле учурда көркөм чыгармаларда чагылган этномаданий баалуулуктар окуучулардын элдик нарк-насилди түшүнүүгө дем бериши жана алардын коммуникативдик компетенцияларынын жаңы сапаттык деңгээлге көтөрүлүшүнө негиз болушу изилдөөнүн практикалык баалуулугун түзөт. Диссертант сунуштаган методикалык ык-усулдар орто мектептин мугалимдеринин практикалык ишин өркүндөтүүгө көмөк көрсөтө алат. Ошондой эле диссертациянын корутундуларын “Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандартын” өркундөтүүдө, “Кыргыз адабияты” боюнча предметтик стандартты, кыргыз адабиятынын жогорку класстарда окутуунун программасын иштеп чыгууда эске алууга болот.

## V. Диссертациянын мазмуну, анын главаларынын ички байланышы жана изилдөөнүн логикалык жыйынтыктуу аякташы

Диссертация үч главадан жана тогуз бөлүмчөлөрдөн турат. Биринчи главада этнопедагогиканын илимий теориялык жактан изилденүү эволюциясына жалпы обзор берилип, кыргыз адабиятын окутуунун азыркы учурдагы проблемалары талдоого алынган. Билим берүү процессинде сырттан көчүрүлгөн концепция, парадигмалар окуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектеп окуучуларынын билим сапатын камсыз кыла албай жаткандыгы сынчыл ойлом аркылуу анализге алынган. Абалды оңдоонун бир мүмкүндүгү элдик педагогикада кылымдап жыйналган тажрыйбаны колдонуу менен улуттук адабиятты окутууну мындан ары өркүндөтүүнүн бир аспектиси катары этнопедагогикалык мамиленин жетишсиздиги эмпирикалык материалдар менен далилденген. Ушул көз караштан алып караганда өлкөдөгү реалдуу абал кыргыз баласынын жашоо турмушуна

керектүү билим берүүчү “өзөктүү парадигмага” (дисс. 44-б.) муктаж экендиги жөнүндөгү диссертанттын пикирине кошулууга болот.

Экинчи главада кыргыз адабиятын жогорку класста этнопедагогикалык негизде окутуу аркылуу окуучулар ээ болуучу компетенциялар алардын коммуникативдүү байланыштарда элдик дидактикалык нормаларды, этномаданий жоболорду колдоно билүүсүн камсыз кала тургандыгы илмий жалпылоого ээ болгон. Натыйжада окуучулар турмушту таануунун негизги ресурсуна (дисс. 140-б.) ээ болоруна изилдөөчү ишеним арткан.

Иштин үчүнчү главасы адабиятты жогорку класстын окуучуларына этнопедагогикалык негизде окутуунун методикалык маселелерин камтыйт. Диссертациянын корутунду бөлүмү катары сунушталган методикалык ык-усул, формалар жүргүзүлгөн эксперименталдык иштердин негизинде жалпылоого алынат да изилдөөнү логикалык жактан жыйынтыктап, иштин мазмунун бир бүтүндүккө бириктирген. Демек, главаларынын ички байланышы талапка ылайык камсыз болгон дегенге негиз бар.

## VI. Диссертант жарыялаган макалалардын темага жана иштин мазмунуна туура келиши

Изилдөөчү жарыялаган макалалар изилдөөгө алынган темага жана иштин мазмунуна, ошондой эле илимдин доктору окумуштуулук даражасын ыйгарууга коюлуучу квалификациялык талаптарга туура келет.

## VII. Диссертация боюнча айрым сунуштар

1. Диссертация (болгондо да докторлук диссертация) нагыз илимий иш болгондуктан, илимий стилдин сакталышы маанилүү. Колдогу диссертацияда публицистикалык, оозеки сүйлөшүү стилине жол берилип кеткен учурлар кездешет. Мисалы, «XXI кылымда көп элдер жок болуу коркунучунда турат, мындай «имиш-имиштердин» арасында кыргыздар да бар» (дисс.45-б.). Илимий стилде «имишке» орун жок эмеспи. Мындай сөз айкаштары иште арбын: «казанында кайнап» (дисс.45-б.), «майын чыгара», «кусуру урат» (дисс.48-б.) ж.б.
2. Кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун жеке методикалык ык-методдорун сунуш кылган иштин үчүнчү главасы конкреттүү сабактардын иштелмесин сурап тургандай.
3. Кайталоолор көп кездешет.

4. Окуучуларга берилген анкеталык суроолордун жообун талдаганда (дисс.187-б.) мектептердин атын көрсөтүү иштеги эксперимент жүргүзүүгө болгон ишенимди арттырат, ошондуктан бул мүчүлүштүктү толуктоо максатка ылайык деген ойдобуз.
5. Техникалык каталар өтө көп, орфографиялык, стилдик каталар да кездешет.

Мындай мүчүлүштүктөрдү диссертацияны ЖАКка жибергенге чейин ондоого болот жана алар иштин жалпы илимий-теориялык деңгээлине таасир этпейт.

**VIII. Кенжешев Каныбек Дүйшөналиевичтин "Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасы" темасында педагогикалык илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын (13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы) изденип алуу үчүн жазган диссертациясынын доктордук ишке коюлуучу талаптарга жооп бериши жана Кенжешев Каныбек Дүйшөналиевичке педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын ыйгарууга коюлуучу критерийлерге туура келиши жөнүндө**

## БҮТҮМ

Диссертация актуалдуу темада жазылган жана иш анын автору тарабынан өз алдынча иштелген. Изилдөөнүн илимий-теориялык деңгээли докторлук иштин квалификациялык талабына жооп берет. Диссертанттын изилдөөдөн чыгарган корутундулары кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууга тиешелүү багыт бере алат.

Диссертация ЖАК тарабынан докторлук диссертацияга коюлуучу талаптарга т жооп берет, анын автору **Кенжешев Каныбек Дүйшөналиевич педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасына** ээ болууга татыктуу.

Расмий оппонент ______________________ Култаева Ү.Б.

КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ